Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин Too

№73 (3145)

www.erkintoo.kg Атайын чыгарылыш

Жекшемби, 2020-жылдын 6-сентябры

Замандаш

САЯСИЙ ПАРТИЯСЫ

Партия лидери Жеңиш Молдокматовдун кайрылуусу

Урматтуу мекендештер!
Кымбаттуу достор!

Биз, бардык дүйнө сыяктуу эле глобалдык экономикалык кризисти баштан кечирүүдөбүз. Адамзат ойго келбеген масштабдагы чакырыктарга дуушар болду.

Мындай шартта Жогорку Кеңешке өкүл шайлоо – өзгөчө жоопкерчилик. Себеби, бул жөн гана депутаттарды шайлоо эмес, бул - Кыргызстандын эртеңки келечегин тандоо.

Парламент үчүн ондон ашуун партия ат салышууда. Бардыгы кооз жана туура сөздөрдү сүйлөп, убадалар менен азгырууда.

«Замандаш» партиясы андай жолго барбайт. Жок, сиздердин добуш керек болбогону үчүн эмес. Добуш керек. Болгону, биз сиздер менен, биздин шайлоочулар жана тарапташтарыбыз менен чынчыл мамиледе болгубуз келет. Биздин бекем позициябыз ушул!

Менден «Эмнеге «Замандаш» шайлоого барган жатат?», – деп көп сурашат. Мен «Мамлекеттин саясатына түздөн-түз катышуу менен гана өлкөдө бир нерсени өзгөртүүгө мүмкүн. Ошондуктан биз бийликке, парламентке бара жатабыз», - деп жооп берем. Парламенттик трибунага ээ болбой туруп, бул нерсени жасоо кыйла оор.

Мына ушул себептен улам бизге депутаттык мандат, а сиздерге өлкөнүн мыйзам чыгаруучу органында таза өкүлдөр керек. «Замандаш» шайлоого акча таап алуу же кимдир бирөөлөрдүн бизнесин коргоо үчүн бараткан жок. Биз – башкабыз! «Замандаш» ондогон жылдар мурда өз тагдырын өз колуна алып, мекенинен алыс жерде бардык кыйынчылыктардан өткөн адамдар менен бирге жаралып, бирге бышты. Биз өлкө жоопкерчилигин өз мойнубузга алуу үчүн Жогорку Кеңешке аттандык. Бул үчүн бизде күч да, билим да, эрк да, команда да бар!

«Замандаштын» артында бош сөздөр, куру убадалар эмес, басып өткөн жолубуз, аткарган иштерибиз, демилгелерибиз турат! Артыбызда тарыхыбыз турат! «Замандаш» аброю бар партия. Биз популизм менен алектенбейбиз жана алектенүүнү билбейбиз.

Азыр популист саясатчылардын убактысы эмес. Ал мезгил өттү, кетти. Эмне үчүн эл мага жана биздин командага ишенип, «Замандашты» колдошу керек? Ишеним маселеси – татаал суроо. Биздин команда – профессионалдардын жана чыныгы патриоттордун командасы экенин айткым келет. Дал ушундай адамдар азыр өлкөбүзгө абадай керек.

Кыргызстандагы бардык саясат адамдар үчүн болушун каалайбыз. Бул биздин башкы максат. Мамлекет элге кызмат кылышы керек.

Кыргызстан чын эле өткөөл мезгилде турат. Алдыдагы шайлоо өлкөнүн мындан аркы жолун аныктайт. Андыктан, мага ишенүүнүздөрдү жана таза, профессионал «Замандашты» колдоп берүүнүздөрдү өтүнөм!

«Замандаш» партиясына берген добушуңуздар – эртеңки күнгө берген добушуңуздар. Ар бир адамдын ыңгайлуу жашоо шарты үчүн, жумуш жана татыктуу маяна үчүн, сапаттуу жолдор жана жеткиликтүү дары-дармектер үчүн, мигранттарынын эмгегин баалаган өлкө үчүн берген добушуңуздар. Депутаттары эл менен бирге болгон, шайлоочуларын уялбай карай ала турган өлкө үчүн берген добушуңуздар. Бир бололу! Келечекти өзгөртөлү!

■ Лидер

Жеңиш МОЛДОКМАТОВ, “Замандаш” саясий партиясынын төрагасы:

“ПАРЛАМЕНТТЕГИ 7-ЧАКЫРЫЛЫШКА 7 БАГЫТ МЕНЕН БАРАТАБЫЗ”

“Замандаш” партиясынын лидери Жеңиш Молдокматов парламенттик шайлоонун алдында көптөгөн журналисттердин өтүнүчү менен Бишкектин четиндеги “Байтиктин Бас-Бөлтөгү” деп аталган тарыхый жерде, Туунун алдында маалымат жыйынын өткөрдү. Ал жыйынга катышкан 30дай журналист Жеңиш мырзага саясат, экономика, шайлоо, ж.б. тармактар боюнча арбын суроолорду узатты. Партия лидери ар бир журналисттин суроосуна так жана ачык-айкын жооп узатты.

- Жеңиш мырза, алгачкы суроону ушундай багытта берели. Өзүңүздүн жашоодо карманган принциптериңиз тууралуу айтып берсеңиз?

- Менин атам 1992-жылы бул жарыкчылык жашоодон өтүп кеткен. Бирок мен атамдын тарбиясын алып, насаатын угуп калдым. Атам мени чынчыл болуу, алдабоо жана айткан сөзгө туруу багытында тарбиялады. Андан кийин апам да абдан жакшы тарбиялап, ушул даражага жеткирди. Мен ата-энемдин тарбиясын, насаатын ушул кезге чейин жерге калтырган эмесмин. Муну кийин да кандай учур болсо да калтырбайм. Бул менин жашоомдогу негизги принциптерим.

- Жалпы коомчулукка “Замандаш” партиясынын саясаттагы негизги багытын айтып берсеңиз? Бийликчил же оппозициялык маанайда болосуздарбы?

- Биздин партия бийликчил эмес. Оппозициянын туура эмес жактарын колдоого албайт, ошол эле учурда туура койгон маселелерин колдойт. “Замандаш” партиясына акыркы 2 жылда мен төрага болгон учурдан баштап бийлик тарапка көкөй кести болгон көптөгөн көйгөйлөрдү ачык айтып, жетиштүү деңгээлде сындап келдик. Биздин андай позициябыз бийликке ар дайым эле жаккан жок, ошон үчүн басымдар, кысымдар болуп турду. Кыскасы, кандай болгон учурда да “Замандаш” партиясы ар дайым элдик партия болуп келген, мындан ары да элдик партия болуп кала берет. Акыркы мезгилде дүйнөлүк баалуулуктар өзгөрүп кетти. Мисалы, оңчул, солчул жана орточул (центрист) деп аталган партиялардын позициялары аралашып кетти. Биздин багытыбызды орточул деп жатабыз. Бирок биз ушулардын баарын карап, талдап олтуруп, партиябызга бардык компоненттерди камтыганга аракет кылдык. Партиябыздын программасынын түпкүрүндө өлкө социалдык болсун деп жатканыбыз менен керек учурда капиталисттик компоненттерди да колдойбуз. Бир сөз менен айтканда өлкө кайсыл багытка муктаж болсо “Замандаш” партиясы ошол багытта болот.

- “Замандаш” партиясынын программасынын артыкчылыктары, өзгөчөлүктөрү боюнча айтып берсеңиз?

- Биринчиден, “Замандаш” партиясы өзгөчө партия болуп эсептелет. Биздин партия Орто Азияда биринчи болуп “Келечек 4.0” программасын иштеп чыкты. Акыркы жылдары дүйнөдө төртүнчү өнөр жай реформасы жүрүп жатат. Мына ошого ылайыктап, багыттап, программабызды сунуштаганбыз. Бизден кийин Казакстандын “Нур-Отан” партиясы ушул багыттагы программасын иштеп чыкты. Биз Жогорку Кеңештин 7-чакырылышына 7 багыттагы программа менен баратабыз. Анын бири - “жашыл экономика”. Биз айыл чарба продукциясынын көлөмү менен атаандаштыкты түзө албайбыз, биз болгону сапат менен гана атаандаштыкты жарата алабыз. Дүйнөдө “жашыл экономиканын”, айыл чарбанын таза продукциясынын баасы башкалардыкынан 10 эсе кымбат турат. Биз ушул маселени ишке ашырсак, анда экономиканы, экологияны жана туризмди өнүктүрүүнү жолго коё алабыз. Ушундай жол менен ийгиликке жетишип жаткан мамлекеттер көбөйүп баратат. Мисалы, Кыргызстандын балы дүйнө сынагында 3 жолу биринчи орунга татыды. Арабияда биздин балыбыздын баасы 12 эсе кымбат турат. Кыргызстандын мына ушул бал сындуу эң мыкты 100 айыл чарба багытындагы ар кыл азыктарын атайын каталогго киргизип, Өкмөткө сунуш кылуу аракетибизди былтыр Өкмөт колдогон жок, парламент түшүнгөн жок. Кудай буюрса, биз бул максатыбызды ишке ашырабыз!



- Сизди социалдык түйүндөрдө президенттик шайлоодо Жээнбековду колдогон деп сынга алгандар бар. Бирок биз эсептеп көрсөк, азыр шайлоого катышып жаткан 15 партиянын ичинен 12 партия Сооронбай Шариповичти колдогон экен. Мына ушул маселеге кандай пикирдесиз?

- Чынында эле социалдык түйүндөрдө аябагандай көп маалыматтар чыгып жатат. Эми шайлоонун шарапаты өзү ушундай да. 2017-жылы азыркы президентибиз Сооронбай Шарипович Жээнбековду колдогонум жана ишенимдүү адам болгонум чын. Ал кишини менден тышкары сиз атаган 15 партиянын арасынан 12 партиянын лидерлери да колдоп чыккан. Бирок маселе башкада. Себеби, ар бир саясий партия жана партиянын лидери үчүн саясий кампанияга же шайлоо кампаниясына катышуу - бул аябагандай маанилүү. Эгерде саясий партиянын багыты, анын түзүмү, командасы жана орду болсо, ал сөзсүз түрдө 3 негизги кампанияга катышышы керек. Булар президенттик, парламенттик жана жергиликтүү шайлоо болуп эсептелет. Эгерде үчөөнүн кайсы бирине катышпай кала турган болсо, анда ошол партия же партиянын лидери үчүн кайсы бир мөөнөткө саясий айдыңдан чыгып калуу коркунучу түзүлүп калат.

- Шайлоону жаңы натыйжалуу ыкмалар менен өткөрүү боюнча кандай сунуштарыңыз бар?

- 2010-жылы иштелип чыккан Конституциянын кемчиликтери бар экенин учурунда Өмүрбек Чиркешовичтин өзүнө да айткам. Бул Конституция чийки иштелип чыккан. Анын негизинде өлкөдө парламенттик эмес, президенттик-парламенттик башкаруу формасы орноп калган. Президенттин ыйгарым укуктары Өкмөткө, ал эми Өкмөттүн ыйгарым укуктарынын көпчүлүгү Президентке берилип калган. Президенттин колунда эбегейсиз чоң күч бар. Алар: Башкы прокуратура, УКМК, Эсептөө палатасы, ж.б. Мына ушул үч мамлекеттик орган менен аткаруу бийлигин дагы, парламентти дагы баш ийдирип тизгиндеп койсо болот. Биз ошон үчүн келгиле, тандайлы деп айтып жатабыз. Президенттин ыйгарым укуктарын алып, аткаруу бийлигине берели. Анан мамлекетте жооптуу бир адам иш алып барсын же болбосо премьер-министрдин ыйгарым укуктарын алып, президентке калтыралы. Ал толугу менен аткаруу бийлигине жооп берсин! Ошондо гана парламенттен талап кыла турган бир гана тарап болот. Партиялык тизмеге байланыштуу бизде талаш-тартыш катуу болгон. Шайлоо партиялык тизме менен алгач 2010-жылы, андан соң 2015-жылы өттү. Тилекке каршы, бешинчиге салыштырмалуу алтынчы чакырылыш начар болду. Мындай жыйынтык тандоодон улам болуп жатат. 2010-жылы урнага бюллетень ташталып добуш уурдалса, кийин урнадагы уурдамай ыкма сыртка чыгып кетти. Добуш сатып алуу деген балакеттин айынан анын суммасы бүгүнкү

күндө 3000 сомдон 5000 сомго чейин чыкты...

Эң эле жөнөкөй мисал айтайынчы. Мындай учур көп мамлекеттерде тажрыйба катары колдонулат. Шайлоонун жүрүшү 30% партиялык, 70% бир мандаттуу можаритардык жол менен өтсүн. Мисалы, мамлекетти 9 округга бөлөлү. Эң түшүнүктүү болуш үчүн Көлдү, Ошту, анан Бишкекти алалы. Шайлоочулардын санына жараша 120 мандатты бөлүштүрсөк, жыйынтыгында Ошко 44, Бишкекке 40, Көлгө 8 мандат болжолдуу түрдө тиет. Андай кылсак, маселен, биздин "Замандаш" шайлоого катышканда 120 тизмени БШКга бир эле кылып топтоп бербейт. Анда Көлдөн 8, Оштон 44, Бишкектен 40 талапкердин тизмесин берип калат. Натыйжада Борбордук шайлоо комиссиясы 2 бюллетень чыгарып берет. Эгер сиз көлдүк болсоңуз, анда шайлоочу катары участокко барганда "Замандашка" белги койсоңуз бюллетендеги 8 адамдын үчөөнө добуш бергенге укук аласыз. Мен муну болжолдуу айтып жатам. Анан шайлоонун жыйынтыгында кимиси алдыга озуп чыкса, ошол адам мандатка ээ болот. Мындай ыкмаларды эмне үчүн колдонсок болбойт? Эмне үчүн парламентте бул өтпөй калды? Анткени, парламентте экинчи чакырылыштан бери депутат болуп келаткан депутаттар бар. Алар үчүн депутаттык кресло менен мандаттан ажырап калуу – өмүрүнөн ажырап калганга барабар.

- Өкмөттүк структураны өзгөртүү жана кадрларды тандоо боюнча кандай кадамдарга барышыбыз керек?

- Эгемендүүлүктү алганыбызга 30 жылга жакын мезгил болду. Андан бери 31-премьер-министр иштеп жатат. Демек, мамлекетте 31 жолу өкмөттүн структурасы өзгөргөн. Бирок жыйынтыгын көрө алган жокпуз. Мен бул маселени сандар менен айтканга аракет кылайын. Мамлекетибиздеги 2265 мектепте жалпысынан 1 млн 300 миң окуучу окуйт. Ошол эле учурда 100 миңден ашыгы мектепке барбайт. Окуучуларды 100 пайыз толук кандуу окутканга 600 мектеп жетишпейт. Жалпы бала бакчаларыбыздын саны 1349. Мамлекетибизди толук бала бакча менен камсыздоо үчүн дагы 1800 бала бакча курушубуз зарыл. Себеби, бала бакчага барбаган балдардын саны болжол менен 600 миңге чамалайт. Буга мамлекеттин чамасы жетпейт! Азыркы өкмөт менен муну ишке ашыра албайбыз. Себеби кадр жок!

Чек ара боюнча айтсам, 505 чакырым талаштуу жерлер чечилген эмес. Бул маселени чечүүгө саясий эрк керек! Дагы бир чоң көйгөйдү айтпасак болбойт, Кыргызстанда 75 миң мугалим бар. Алардын айлыгын шайлоонун алдында көтөрөбүз. Шайлоодон кийин айлыгын төмөндөтүп, инфляция менен теңеп коёбуз. Мугалимдерге жана врачтарга эң керектүү мыйзамдарды кабыл алышыбыз керек. Өлкөдө 650 миңге жакын пенсионерибиз, пособие алган 370 миң жараныбыз, 120 миң майып адамдарыбыз бар. Алардын баары жакыр жашайт. Өлкө боюнча алганда жалпысынан 1 млн 300 миң адам жакыр жашоодо жашайт. Анын ичинен 83 миң адам өтө жакыр турмушту кечирип келет. Айрыкча, пандемия учурунда нанга, сууга жетпеген адамдарды көрбөдүкпү. Ошол учурда нандын, сүттүн баасы канча экендигин билбеген биздин Өкмөт мүчөлөрү менен парламенттин өкүлдөрү бийликте отурат. Демек, алар ээлеген кызматтарына татыктуу эмес. Биздин партия кудай буюрса, шайлоодо жеңишти камсыздасак, көпчүлүк коалицияга кирип эле тим болбостон жаңы Өкмөттү түзүү мандатын алууну көздөп жатабыз. Кудай буюруп элибиз ишенип колдоп берсе, Өкмөттүн курамын кескин түрдө кыскартабыз! Анткени, азыр иштеп жаткан 25 министрлик өтө көп! Өкмөттүн курамына алып келген адамдарды кандай критерийдин негизинде тандап алышыбыз керек? Мунун эң жөнөкөй мыйзамдуу жолу бар. Бул - мамлекеттик кадр кызматы. Ал жерде саясий кызматтарды тандоо укугун алып салышкан. Мына ошол укукту беришибиз керек! Себеби, министрлик орун - саясий кызмат болуп эсептелет. Кайсы министрликке кандай кадр жана ал кантип тандалып жатканын жакшы билебиз. Кадр тандоодо таяке-жээн, кудасөөк деген болбошу керек! Биздин биринчи принципибиз - кайсы министрлик, кайсы аткаруу бийлиги болбосун өзүбүздүн таанышыбызды алып келүү эмес! Себеби, ал эртең уят кыла турган болсо, биздин жүзүбүздү булгайт. Андыктан тандоо критерийи 2011-жылдын башында сотторду тандоо түз эфирде жүргөндөгүдөй министрлерди да тандоону түз эфирден көрсөткөнүбүз оң деп эсептейм. Буга чейин парламенттик комитетте экономика министри, вице-премьер-министр депутаттардын суроолоруна жооп бере албай жатканын көрдүк. Ушундай көрүнүшкө жол бербеш үчүн биздин сунушубуз - түз эфирде онлайн тандоо жүргүзүлүшү керек. Мындай тандоо тааныш-билиштикке бөгөт коёт!

СПИСОК КАНДИДАТОВ ОТ ПОЛИТИЧЕСКОЙ ПАРТИИ «ЗАМАНДАШ»

№	Ф.И.О.
1.	Молдакматов Женишбек Омургазиевич
2.	Конов Дмитрий Александрович
3.	Турганбаев Мелис Токтомамбетович
4..	Шейшекеева Чынара Казаковна
5.	Кыдыралиев Умбеталы Токторалиевич
6.	Капаров Мырза Нуралиевич
7.	Абдыхалыков Нурлан Нишанбаевич
8.	Мамашова Айсулуу Турусбековна
9.	Амракулов Мавлян Номанович
10.	Араев Азамат Муратович
11.	Сатыбалдиев Эльмурза Ракиевич
12.	Дегенбаева Гулнара Орозбаевна
13.	Акматов Алмазбек Жумабекович
14.	Ормонов Улугбек Зулпукарович
15.	Бекбоев Замир Исакович
16.	Эшенкулова Нарынкул Амановна
17.	Жайлообаев Айбек Токтогонович
18.	Ахмедов Бегижан Махмудович
19.	Шамиев Рыскелди Ишенбаевич
20.	Мамбетсеитова Гульнара Бейшебаевна
21.	Атчабаров Орозалы Самидинович
22.	Асылбек уулу Бакай
23.	Адылбеков Увазарбек Есенаманович
24.	Карабаева Мухаббат Джурабаевна
25.	Торобаев Оморбек Тилепалдиевич
26.	Кочконбаев Махамаджан Айтиевич
27.	Саралаев Тимур Омурбекович
28.	Денисенко Галина Степановна
29.	Абдивалиев Кадырбек Орунбаевич
30.	Жаманкулов Сагынбек
31.	Джолочиев Сергекаалы Асангалиевич
32.	Ширинбаева Алия Курманбековна
33.	Гайпкулов Искандер Торобаевич
34.	Жумагулов Бактыбек Осмоналиевич
35.	Кеңешов Кадыр Кеңешович
36.	Сагынбаева Элмира Азаматовна
37.	Парманов Эсенали Алламович
38.	Зулпукаров Муктарбек Акматбекович
39.	Жороев Талантбек Мурзалиевич
40.	Апиева Чынаркан Эсенбековна
41.	Жетимишбаев Мурат Каленович
42.	Ахмаджанов Азамат
43.	Кадыркулов Нуржан Абасович
44.	Эркинбай кызы Тоюнбу
45.	Абдураимов Мансурбек Абдумуталипович
46.	Алиев Санжар Саматбекович
47.	Айдаралиев Таалайбек Байсулдаевич
48.	Касымбаева Күлүм Кадыровна
49.	Матанов Жакшылык Жетимишбекович
50.	Бакалов Канат Асанович
51.	Шевцов Искендер Сергеевич
52.	Оморова Айзат Садырбековна
53.	Келгенбаев Акжолтой Коконбаевич
54.	Кыбраев Муратбек Анаркулович
55.	Арзыбаев Мукаш Кадырович
56.	Кокенова Гульзар Кокеновна
57.	Нишанбаев Махамадамин Юлдашбаевич
58.	Подобедов Олег Владимирович
59.	Тойчубеков Туратбек Калыкович
60.	Утурбаева Мариякан Төлөгөновна
61.	Курманбаев Улан Зарылбекович
62.	Мамытов Аркарбек Жолборсбекович
63.	Омурбеков Данияр Омурбекович
64.	Давлетбаева Мадина Акремовна
65.	Кулназаров Иличбек Жукенович
66.	Колопов Альберт Сексенбаевич
67.	Чокморов Болотбек Сексенбешович
68.	Супаева Гулназ Тынаевна
69.	Кичинегулов Талантбек Иманович
70.	Суванов Ильяс Эркинович
71.	Абдыкайым уулу Нурлан
72.	Садабаева Мээрим Доолотбековна
73.	Бактыбеков Узак Бактыбекович
74.	Темиров Мирбек Султангазиевич
75.	Кыштообаев Кайрат Дарканбаевич
76.	Кадырова Наргиза Мавлянжановна
77.	Алмасбек уулу Тоштук
78.	Мамбеталиев Жолдошбек Тезекбаевич
79.	Джумагулов Улан Джаварбекович
80.	Добулбекова Айдай Ильичевна
81.	Омукеев Акматаалы Абдыманикович
82.	Досмамбетов Медетбек Нурланович
83.	Жумалиев Нурбек Омурбекович
84.	Бектурганова Алия Асановна
85.	Атабеков Майрамбек Нарынбекович
86.	Токтошов Эркинбек Абдукаримович
87.	Мамытканов Бакытбек Нурмамбетович
88.	Дуйшебаева Назик Женишбековна
89.	Приев Самат Мухтарбекович
90.	Козубеков Нурбек Азимканович
91.	Алимбеков Талантбек Сатыбалдиевич
92.	Чиныбаева Асыл Абдыкадыровна
93.	Байзаков Нияз Касымбекович
94.	Козубеков Арстанбек Токтобекович
95.	Маматкарим уулу Мурзажигит
96.	Ким Ирина Александровна
97.	Адамалиев Улан Айылчиевич
98.	Жумабаева Женишгуль Ормотоевна
99.	Керималиев Арстанбек Калканович
100.	Каримова Шайыргул Баймурзаевна
101.	Бекчоро уулу Эрлан
102.	Касимова Эльнура Мирзахановна
103.	Айбашов Руслан Базарбаевич
104.	Ажыбаева Айике Кылычбековна
105.	Эргешов Суйутбек Сусарбекович
106.	Зафаров Сардорбек Зафарович
107.	Давлеталиев Залкар Джолдошбекович
108.	Нуракова Салтанат
109.	Хаючин Адан Джамарович
110.	Сарымсаков Анарбек Жуманазарович
111.	Тунгатарова Индира Кырманчиевна
112.	Айдаров Азамат Жекшенбаевич
113.	Мамбетова Гульзар Илиясовна
114.	Самыйканов Адисбек Тынчтыкбекович
115.	Кочкорбаев Каныбек Жанибекович
116.	Кырчообаева Сайрагүл Асанбаевна
117.	Асыкпаев Данияр Бейшенович
118.	Кыпчакова Азиза Оморбековна
119.	Толонов Кубанычбек Толонович
120.	Махмудов Айдын Беналиевич
121.	Абдылдаев Райымбек Жумагулович
122.	Калысбекова Мээрим Калысбековна
123.	Болотов Азиз Болотович
124.	Джаналиева Юлия Сергеевна
125.	Шерматов Абдираимжан Мураталиевич
126.	Мартыненко Ирина Александровна
127.	Кармышаков Бозулан Төлөбаевич
128.	Шокеева Гулнара Жумалиевна
129.	Жапаров Таалайбек Абдукадырович
130.	Джумагулова Назгуль Сатыбалдиевна
131.	Ишеев Тургенбек Шаршенбекович
132.	Рысбаев Азамат
133.	Потапова Инна Александровна
134.	Турганбаев Азизхан Абабакирович
135.	Эшанова Элмира Маликовна
136.	Асанов Ибрагим Кубатович
137.	Жанышбаева Чынаркан Абдыраимовна
138.	Зачиняев Андрей Сергеевич
139.	Абдыразакова Айжан Улановна
140.	Касымов Таалай Махаматжанович
141.	Сагдатова Миновар Акрамовна
142.	Шимаров Гащи Рахимович
143.	Айсаракунова Гульзат Рыскулбековна
144.	Сайдинов Суйунбек Омурбекович
145.	Султанова Бурулай Бакировна
146.	Батырбеков Самат Мырзакматович
147.	Мамырбаева Данира Мамлютовна
148.	Токтоназаров Улан Ырысматович
149.	Мехманова Гульсара Мирзахмановна
150.	Сулайманов Болот Акматович
151.	Сулумова Догмара Мусаевна
152.	Гаджиев Ильяс Арашевич
153.	Болотова Анара Монолдоровна
154.	Юсупбек уулу Байзак
155.	Ласанжу Исмаил Шерваевич
156.	Алимканов Алтынбек Акматжанович

Даректе: «_____» ___ айы, Бишкек ш. _____ көч., ___ үй, пароль: _____ Чыгарылган күнү: «___» _____ 2020-ж. Шайлоо №. ____ «Замандаш» - СТ Тыш-шайлоо фондунан тарамду (р/счет 12200070430020000) корма-грузоотор боюнча жалгыз рухсат берилген. Ыйлаштыгы: Б.

Замандаш



Замандаш

БИЗДИН ТАЛАПКЕРЛЕР

КОНОВ
Дмитрий Александрович

Франция-Кыргызстан элчилигинде үюштуруу иштери менен алектенген. Эл аралык "Кызыл Крест" коомунда билим берүүчү программаларды иштеп чыккан. БААУда окутуучу, Ж.Баласагын атындагы КУУда жана И.Арабаев атындагы КУУда экономика жаатында француз тилинен окутуучу. Европа Биримдиги, Жогорку сот өткөргөн соттук-укуктук темадагы жолугушуулардын катышуучусу, француз тилинин туруктуу котормочусу.

- Чет өлкөлүктөр Кыргызстанды башка мамлекет менен алмаштырып караганына кейийм. 2003-жылы Франциядагы климаттын өзгөрүүсү боюнча конференцияда кесиптештерим Кыргызстанды Курдистан менен алмаштыра баштаганда чыдабай кетип, өлкөбүз жөнүндө чоң баян жасагам. Мына, "Замандаштын" программасында "Кыргызстан дүйнөлүк кызматташууда татыктуу орунду ээлеши керек"- деп турат. Демек, башка мамлекеттерде биздин өлкө жөнүндө, экономикабыз, салтыбыз, заманбап саясатыбыз тууралуу элестетүү болушу керек. Мен, Жогорку Кеңеште анализделбеген, түшүнүксүз мыйзамдардын жазылышына, жаштардын өлкөнү таштап кетүүсүнө, билим берүү системасындагы калпыстыктарга каршымын. Мен, жөнөкөйлөштүрүлгөн нормативдик укуктук акт түзүүдө адистерге жогорку жоопкерчилик менен жардам бере алам. Мен мол тажрыйбама, чоң мүмкүнчүлүгүмө таянып, "Замандашка" кошулдум.

ТУРГАНБАЕВ
Мелис Токтомамбетович

Жазаларды аткаруу кызматын жетектеп, бул тармактагы көп жылдык көйгөйлөрдү кыска убакытта жойду. ЖАМКнын түзүмүн заманбап өзгөрттү. Ички коопсуздук кызматын түзүп, 7 миллион сомдук коррупциялык иштин бетин ачты. 1,5 жыл ичинде түрмөлөрдөгү 14 өндүрүштү талапка ылайык иштетип, 192 млн сомдук продукция өндүрдү.

- 35 жылдан ашты, укук коргоо органдарында кызмат өтөдүм, жетектедим. ИИМ, Мамлекеттик жазаларды аткаруу кызматы, прокуратура, УКМК... Бир гана милдетим – элдин коопсуздугу. Бишкекте патрулдук милицияны, түнкү милицияны негиздедим. Шаардыктар жакшы көргөн "Коопсуз бакча" долбоорун ишке киргиздим. Экономистмин. Бул кесибим органдагы кызматыма оң таасирин берди. Уюшкан кылмыштуулукка каршы абдан жакшы мыйзам жазып, 2013-жылы Жогорку Кеңештин кароосуна берсек, ал мыйзамдын түпкү маңызын өзгөртүп, жумшартып салды. Кылмышкер күчтүү мыйзамдын алдында алсырайт. Оор кылмышты олуттуу мыйзам токтотот. Мен, Жогорку Кеңешке дал ошол күчтүү мыйзам үчүн аттандым!

ШЕЙШЕКЕЕВА
Чынара Казаковна

"Замандаш" саясий партиясынын негиздөөчүсү Мухтарбек Өмүракуновдун жубайы. Өмүрлүк жолдошу баштаган улуу иштерди улантуучу. Ишкерликти өнүктүрүү менен айкалыштырып, коомдук иштерге активдүү катышып келет. 3 уул, 1 кыздын энеси.

- Мага, Мухтардан айрылуу канчалык оор болсо, анын ишин улантуу ошончолук түйшүктүү болду. Турмуш сыноолоруна туруштук берүүгө эрким жетти. Мен "Замандаштын" туусун көтөрүүгө милдеткермин. "Замандаштын" туусу – Мухтарды ээрчип, сүрөгөн миндеген мекендештердин муң-зарынан, үмүтүнөн, тилегинен жаралган туу. "Замандаштын" туусу – ар бир замандашыбыздын көкүрөк-көксөөсүнөн жаралган туу. Улуу максаттар үчүн жашаган жашоону – маңыздуу жашоо деп эсептейм. Мен коомдо болуп жаткан көрүнүштөрдү, өзгөрүүлөрдү энелик жүрөгүмдөн өткөрөм. Прогрессивдүү демилгелердин сүрөөнчүсүмүн. "Бешбармак" аталган улуттук долбоорду Гиннестин рекорддор китебине киргиздик. Кыргыздын салт-санаасын жайылтуу максатында "Кырк кыз" долбоорун өткөрдүк, ж.б. Бишкек шаардык Кеңешинин депутаты болуп турганымда бир канча мекемелердеги коррупциялык схемаларды, керексиз комиссияларды, шаар бюджетинин ашыкча коротууларын ачыктадым. Айрым мекемелерди оптималдаштыруунун демилгечиси болдум. №1 төрөт үйүнө тиешелүү жер тилкесин курулуш компаниясынан коргоп, муниципалитеттин балансында сакталып калуусун шарттадым.

КАПАРОВ
Мырза Нуралиевич

Юрист. Аймактарды өнүктүрүү, транспорт жана курулуш бөлүмүндө эксперт жана Өкмөттүн аппарат жетекчисине кеңешчи болгон. Ысык-Көлдөгү "Мурас" питомнигинин координатору. Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы кеңешчиси. Шахмат боюнча Кыргызстандын чемпиону жана шахмат федерациясынын вице-президенти. 4 баланын атасы.

- Өкмөттүн ишин ичинен жакшы билем. Жогорку Кеңешке Өкмөт тарабынан сунушталып жаткан мыйзамдар тууралуу кескин көз карашым бар. Ал көп сөз. Мыйзамдар боюнча иш алып барган адис катары айтсам, мыйзам жазуунун, аны элге, аткаруу бийлигине сиңирүүнүн да өзүнүн эрежелери, жолжобосу болот. Мыйзам – жеке кызыкчылыктарды көздөп жазылып, өтө кыска убакытта кабыл алынбайт! Мыйзам менен жашаган мамлекет үчүн бул абдан маанилүү. Биринбири кайталаган же таптакыр иштебеген мыйзамдардын азабын коомчулук тартууда. Мыкты мыйзамдын авторун мыкты депутат деп тааныйм. "Замандаш" менен парламентке аттанганымдын себеби ушунда. Мени түйшөлткөн экономиканын локомотиви – өнөр жай, өндүрүш маселеси. Мен туризм тармагына Түп районундагы инвестордук 43 миллион долларга түптөлгөн, 100 адам эмгектенген алгыр куштардын питомниги аркылуу салым кошуп жатам.

МАМАШОВА
Айсулуу Турусбековна

VI чакырылыштагы эң жаш депутат. Келе жаткан шайлоого "Замандаш" партиясынын катарында катышат. Саясатчы, ишкер, сүйүктүү жар, эки баланын мээримдүү энеси.

- Апамдан айрылганда 15 жашта болчумун. Ал кезде дүйнө кыйрап калгандай сезилген. Ызалануу, жүрөктөгү оору, канатың сынгандай сезим... Мен жашоону ата-энесинен айрылган баланын көзү менен карай алам. Мен турмушту үйбүлө жүгүн көтөргөн аялзатынын жүрөгү менен сезе алам. Мен бир эле убакта официант да, бухгалтер да, кампачы да болуп иштедим. Кыйынчылыктар чыйралтты, күчтүү кылды. Мен "Лысый" жана "Давыдов" мөңгүлөрүн жок кылууга каршы чыктым, "Маалыматты манипуляциялоо жөнүндө" мыйзамды колдободум. Жеке менчик гемодиализ борборлорун салыктан бошотууну демилгелеп, гемодиализдик дарылануунун арзандашын шарттадым. "Замандаштын" программасындагы инновацияга бурулган багыт менин максатыма шайкеш.

АБДЫХАЛЫКОВ
Нурлан Нишанбаевич

2012-жылдан бери жергиликтүү кеңештин депутаты жана төрагасы. Бюджети 50 млн сомду түзгөн айылдын жолдорунун өңдөлүшүна зор салым кошту. Эки из камсыз болгон үй-бүлөгө өз каражатына үй салып берген. Пандемия учурунда райондун жашоочуларына жардамын аябады. Айылын дары-дармек, кычкылтек концентратору менен камсыздады.

- Университетти аяктагандан кийин үй-бүлөбүз менен Россияга көчүп кетип, он жыл иштедим. Мен мигрант мекендештеримдин акыбалын жакшы түшүнөм. 2003-2005-жылдары Аравандагы "Нурлан" фермердик чарбасын жетектеп турдум. 2008-жылы Аравандагы алгачкы компаниямды түптөп – автобекет ачтым. Биздин компанияда жалпы 400дөн ашуун киши эмгектенип, үй-бүлөсүн багат. Жылдык салык төлөмүбүз миллиондогон акча каражатын чапчыйт. Көп иш, көп көйгөй чечилди. Сырттан инвестор тартып келүү үчүн бир багытты эле карап отурууну туура көрбөйм. Мен өндүрүштү өнүктүрүү үчүн ички инвесторлордун эсебинен мегаполис түзүүнү каалайм. Былтыр "Замандаш" партиясынын лидери Жеңиш Молдокматовдун демилгеси менен атамекендик өндүрүшчүлөрдү колдогон иш-чара өткөрүлгөндөн тартып максатыма жакындагандай демдемин.

АМРАКУЛОВ
Мавлян Номанович

К.И.Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн. Айыл чарба жана авиация тармактары боюнча чоң тажрыйба топтоп, бир катар көйгөйлөрдү чечкен. Жогорку Кеңештин иш башкармалыгын жетектеп, мыйзамсыз иштерге бөгөт коюуга күч жумшаган. Коррупцияга учураган мүлктү калыбына келтирген.

- Кесибиме байланыштуу айыл чарба тармагында 10 жылдан ашуун эмгектендим. Өзүбүз өндүргөн айыл чарба продукциясын чет мамлекеттерге экспорттоону биринчилерден болуп колго алгам. Шамалды-Сайга Италиянын томат өндүргөн заводун куруп, миндеген дыйкандарыбызга шарт түзгөм. "Эйр Бишкек" авиакомпаниясын түптөгөндөрдүн биримин. Бул авиакомпания аркылуу Россияда каза болгон мигранттарыбыздын сөөгүн Кыргызстанга бекер ташып келип турдук. Кыргызстандын ички каттамына арзан баа койдук. Мамлекеттин кепилдиги менен "Пегасус Бишкек" авиакомпаниясы ишке киргенде, аларга туруштук бере албай калдык... Авиация тармагын мамлекетке пайдалуу, элге ыңгайлуу деңгээлге көтөрүүгө кудуретим жетет. Мен айыл чарба жана инфраструктура маселелерине өзгөртүү киргизүүгө, натыйжасын арттырууга тажрыйбамды бөлөм.

АРАЕВ
Азамат Муратович

Азамат Араев Кыргызстандын күч тармагында 22 жылдан бери эмгектенип, мамлекетибиздин коопсуздугуна, тартибине, мыйзамдуулуктун сакталышына чоң салым кошуп келатат. 2017-жылдан бери КР Өкмөтүнүн аппаратынын коопсуздук, тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы.

- Өкмөт аппаратында иштеп, бир топ тажрыйба алдым. Тактап айтканда, Жогорку Кеңеш менен тыгыз байланышта иштештим. Мекениме жана элиме кылган кызматымдын таасирин жогорулатуу үчүн депутат болууга аттанып жатам. «Замандаш» партиясынын тизмегине тажрыйбалуу практиктер, мамлекеттик кызматкерлер, мугалимдер, медиктер, укук коргоо органдарынын өкүлдөрү киргизилгени мени канааттандырат. Мен мамлекеттик чек араны демаркациялоо жана делимитациялоо иштерин өз убагында жана натыйжалуу жүрүүсүнө көмөк көрсөтөм. Соттук-укуктук реформанын жүрүшүн көзөмөлгө алып, анын натыйжалуу аякташына салым кошом. Коррупцияга каршы күрөшүү чөйрөсүнө, укук коргоо органдарынын ишмердүүлүгүнө көңүл буруп, аларга шарт түзгөн мыйзам долбоорлорун демилгелейм.

ОРМОНОВ
Улугбек Зулпукарович

"Дастан" заводунда жетекчилик курамда иштеп, заводду талап-тороодон сактаган. Кадр саясатынын кемчилигин жоюучу сунушталары бар. Парламент 75 депутаттан турусун каалайт. Пандемия жалпы коомдук көз карашты, түшүнүктөрдү өзгөрттү, чыныгы баалуулуктар иргелчү кез келди деген ишенимде.

- Тышкы миграция боюнча мыйзамдын авторлорунун биримин. ЖК депутаты жана миграция комитетинин төрагасы кезимде Мухтарбек Өмүракунов менен биргеликте Сибирь, Урал шаарларын толук кыдырып чыкканбыз. Россиянын Новосибирск, Красноярск, Иркутск, Екатеринбург өндүү көп шаарларында миграциянын өкүлчүлүгүнүн түзүлүүсүн шарттап, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен диаспора башчыларын жолугуштуруп, системдүү иштешүү жолуна салганбыз. Өз кезегиндеги жаратман инсан Мухтарбек Суйүналиевич менен тилектештигим – бүгүн мени "Замандашка" алып келди. Мен 2 жыл катары менен Өкмөттүн отчётунда Миграция министрлигин түзүү боюнча "миллиарддаган акча которуп жаткан жарандарыбыздын укугун коргоп, жардам берели" деп сунуш берип келдим. Мен Миграция министрлигин түзүү үчүн күрөшөм.

АХМЕДОВ
Бегижан Махмудович

Белгилүү коомдук ишмер Бегижан Ахмедов кыргыз мамлекети үчүн узак жылдардан бери үзүрлүү иштеп, эл оозуна алынган өмүрү өрнөк инсандардын бири. УКМКнын полковниги болгону менен кыргыз маданияты, адабият үчүн да тынымсыз эмгектенип, кыргыз жана өзбек тилдеринде 10дон ашуун ар кыл багыттагы китептерди чыгарган. "Даңк" медалынын ээси.

- Мен тарыхчы катары, чыгармачыл адам катары өлкөдө улуттар аралык мамилени чындоого, Кыргызстандын тарыхын чет өлкөлөрдө даңазалоого максат коём. Менин сыймыктанганым – партиянын катарында өз ишинин устаты болгон айтылуу генералдар бар экени. Анын үстүнө "Замандаш" партиясын Кыргызстанда башка улуттун өкүлдөрү абдан жакшы колдойт. Себеби, бул партия узак жылдан бери улут аралык маселени бекемдөөгө чоң салым кошуп келген. Азыркы кезде биз "Кыргыз жараны" деген концепция жаздык. Мунун негизинде башка улуттун жарандары өздөрүн "Мен кыргыз элинин бир бөлүгүмүн" деп эсептегендей түшүнүк пайда болот. Бул концепциянын иш жүзүнө ашуусу узак убакытты талап кылса да, үзгүлтүксүз аракеттенүү зарыл.

АЙДАРАЛИЕВ
Таалайбек Байсулдаевич

КУУнун «Финансы жана кредит» факультетин жана Эл аралык бизнес "Иш башкармалыгы магистрын" аяктаган. Кен казуучу, транспорттук, инвестициялык ири компанияларды жетектеген. Айылына үюлдук компаниялардын антенналарын орнотуп, көптөгөн көмөк көрсөткөн. Токтогул районунун Ардактуу атуулу. 4 баланын атасы.

- Мухтарбек Өмүракунов агабыздын ишенимдүү адамы катары бизнес иштерин жетектедим. Курулуш, жүк ташуу, тоо-кен тармагы боюнча бир топ долбоорлорду ийгиликтүү ишке ашырдык. Мен Кара-Кечедеги "Пандж-Шер" карьерин башкардым. Ал ишкана 2014-жылы республика боюнча "Эң мыкты салык төлөөчү" наамына татыды. 2010-жылы чоң инвесторлор менен сүйлөшүп, көмүрдөн газ чыгаруу долбоору менен алек боло баштаганбыз. Бирок, көп узабай Мухтарбек агабыз... Андан бизге "Замандаш" партиясы таберик калды. "Замандаштан" Бишкек шаардык Кеңешке депутат болдум. Жаңы коноштардын ички жолдорун, электр энергия, бала бакча, мектеп, таза суу өндүү социалдык маселелерин чечүүгө күчүмдү жумшадым. Парламент трибунасына жетсем: "Токтогул", "Камбар-Ата", "Күрпсай" суу сактагычтарына байланышкан салык көйгөйлөрүн, Талас – Токтогул жайыт маселелерин, таза суу, мектеп, бала бакча, кайрак жерлерге канал жеткирүү, электрге жеңилдетилген лимитти жайкысын 500, кышкысын 1000 киловаттка көтөрүү оюмдагы план.

САРАЛАЕВ
Тимур Өмүрбекович

Өнүгүү жана саясат эл аралык агенттигинин директору, "Замандаш" саясий партиясынан талапкер. 12 жыл жогорку окуу жайда мугалим болгон, 3 китептин жана илимий макалалардын автору, саясат тааануучу.

- Саясат тааануу илиминде жүрүп, Кыргызстандагы интеллигенциянын абалы өтө төмөн экенине ынандым. Агартуу системасы толук реформага муктаж. Жогорку окуу жайында мугалим экениме карабай такси айдаган күндөрүм болду. Мен билимдүү коомду куруу, бала бакчалардын тарбиячыларынан тарта жогорку окуу жайдын мугалимдеринин жашоо шартын өзгөртүү үчүн парламентке баратам. Айыл чарба, өндүрүш, соода мамилелери секторунда реформа жасоого, ЕАЭБдин алкагында товарлардын жүгүртүлүшүн, рыноктогу көлөмүн көбөйтүүгө бүт күчүмдү жумшайм. Коомдук иштерде такшалдым. 10 жыл мурда да "Замандаш" менен шайлоого катышкам. Пандемия учурунда Москвада болуп, мекендештерибиздин мекенге кайтуусуна жан үрөп жардам бердим. Эсептеп көрсөм, уйкумду кыскартып 2400 саат тынымсыз иштептирмин.

КЕЛЕЧЕКТИ ӨЗГӨРТӨБҮЗ!

«ЗАМАНДАШ» САЯСИЙ ПАРТИЯСЫНЫН

ПРОГРАММАСЫ

«Замандаш» партиясы Кыргызстандын эгемендүүлүгүнө, коомдун ачыктыгына жана инновациялык экономикасын, экологиялык агрокомплексин өнүктүрүүгө, стратегиялык өнөктөштүккө жана ЕАЭБ, ЖККУ алкагында интеграцияны тереңдетүүгө негизделген тышкы саясатын бекемдөөгө багытталган саясат жүргүзөрүн жарыялайт.
Жеңиш Молдокматов – «Замандаш» партиясынын лидери жана төрагасы. Партияны олуттуу саясий күч катары 2020-жылдагы парламенттик шайлоого баштап барууда.

КЕЛЕЧЕК 4.0

«Замандаш» партиясы Кыргызстандын экономикалык, соода-сатык жана экономикалык көз карандысыздыгына багытталган саясат жүргүзүүнү көздөйт. Дүйнөлүк өндүрүш революция жасоо идеясына негизделген «Келечек 4.0» декларациясы аркылуу демократиялык баалуулуктарды жана инновациялык экономиканы өнүктүрүү каралган.

Декларация төмөндөгүдөй багыттардан турат:

1. Бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн өлкөсү;
2. Инновациялык өлкө;
3. Жашыл экономика;
4. Гумандуу өлкө;
5. ЕАЭБ курамында татыктуу орун;
6. Эркиндик;
7. Элдик бийлик.

БИРДЕЙ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮН ӨЛКӨСҮ

Биздин максат – өлкөнүн бардык жарандарынын материалдык жана руханий бейпилчилиги.

Биздин артыкчылыктар:

- Билим берүүчү жана маданий программаларга каржылык колдоо;
- Калктын аярлуу катмарына (жумушсуздар, пенсионерлер, мүмкүнчүлүгү чектелгендер) колдоо көрсөтүү;
- Үй-бүлө институтун, эне, ата, баланы колдоо;
- Элдин саламаттыгын жана эмгегин коргоо;
- Кирешелерди кайра бөлүштүрүү аркылуу социалдык теңсиздикти жоюу;
- Элдердин биримдиги.

Бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн өлкөсү – бирдей мүмкүнчүлүктөргө, байлыкты туура бөлүштүрүү жана өздөрүнө минималдуу жашоо шартын камсыздай албагандар үчүн коомдук жоопкерчиликке негизделген саясий түзүмдүн концепциясы.

Биздин максатыбыз - 5 жыл ичинде өлкөнүн ИДПсын 7,5 миллиард АКШ долларынан 15 миллиард АКШ долларына чейин көтөрүү.

ИННОВАЦИЯЛЫК ӨЛКӨ

Биздин максат – Кыргызстандын туруктуу экономикалык өнүгүүсү үчүн шарт түзүү. Инновацияларды экономикалык өсүүнүн негизи кылуу.

Биздин артыкчылыктар:

- Колдонмо илимдерди жана венчурдук бизнести өнүктүрүү;
- КР аймагы боюнча жогорку ылдамдыктагы интернет. Өнүккөн IT;
- Инновациялардын дайымкы агымын түзүү;
- Технологиялык жакшыруу;
- Жогорку технологиялык өнүм өндүрүү;
- Ойлоп табуучулардын жана окумуштуулардын интеллекти аркылуу киреше түзүү;
- Интеллектуалдык жеке менчикти коргоо;
- IT технологиялардын паркын түзүү.

Ойлоп табууларга, жаңы технологияларды импорттоого, жаңы инновацияларга жол ача турган шарттарды түзөбүз. Биз билим берүүдөн тарта мамлекеттик башкарууга чейин инновацияларды киргизебиз.

ЖАШЫЛ ЭКОНОМИКА

Биздин максат – жашыл экономиканы Кыргызстандын өнүгүүсүндөгү маанилүү факторго айлантуу. Ал эми Кыргызстанды экологиялык таза өнүм өндүрүүнүн аймактык борбору кылуу.

Биздин артыкчылыктар:

- Экологиялык таза азык-түлүк жана эл керектөөчү товарларды өндүрүү;
- Энергиянын натыйжалуулугу жана жоготууларды кыскартуу;
- Сууну үнөмдөө;
- Альтернативдүү, жаңылануучу энергия булактарын өнүктүрүү;
- Электротранспортту өнүктүрүү;
- Таштандыларды азайтуу жана кайра иштетүү.

Кыргызстанда айдоого жарамдуу жер - 900 000 га. Казакстанда 34 млн га, Кытайда 92 млн га., ал эми Россияда 116 млн га. Биз коңшу мамлекеттер менен атаандаша албайбыз. Бирок сапат менен атаандаша алабыз.

«Кыргызстан экологиялык таза өнүмдүн өлкөсү» – бул биздин дүйнөлүк рыноктогу брендибиз болот.

ГУМАНДУУ ӨЛКӨ

Биздин максат – өлкөдөгү кылмыштуулукту азайтуу, мыйзам бузуулардын алдын алуу үчүн механизмдерди иштеп чыгуу.

Биздин артыкчылыктар:

- Адам өзүнүн актыгын далилдөөгө мүмкүнчүлүк ала алган укуктук система;
- Көз карандысыз сот системасы;
- Коомдун бардык мүчөлөрүн башка мүчөлөр тарабынан кемсинтилишинен коргоо;
- Коомдогу баалуулуктар көрсөткүчүн карап чыгуу;
- Жеке потенциалды ишке ашыруу жана бирдей мүмкүнчүлүктөр;
- Аймактардагы жаштардын алектенүүчүлүгүн жогорулатуу, жумушсуздук менен күрөшүү;
- Спортту өнүктүрүү;
- Бизнес инкубаторлордун институту жана чоңдор үчүн билим берүүчү борборлор.

Жарандардын социалдык жашоо шартын жакшыртуу, билим берүү жана маданиятын жогорулатуу, видеокөзөмөл системасын киргизүү кылмыштуулукту кыскартууга шарт түзөт.

ЕАЭБдеги ТАТЫКТУУ ОРУН

Кыргызстан ЕАЭБ мүчөсү. Бул жагдай ага атаандаштыкка туруктуу болуу үчүн артыкчылыктарды берип турат. 180 млн калкы бар рынок ишке орношуудагы тең мүмкүнчүлүктөргө жана өлкө экономикасына инвестиция тартууга мүмкүнчүлүк берет.

ЕАЭБ – менталитетинде окшоштуктары бар, орток тили бар стратегиялык өнөктөштөрдү тандоо.

ЕАЭБ – Кыргызстан үчүн арзан баадагы газ жана нефть.

ЕАЭБ – евразиялык мейкиндиктеги бирдиктүү кызматтар рыногу, бизнес үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр.

ЕАЭБ – эмгек мигранттары үчүн жеңилдетилген шарттар.

ЭРКИНДИК

Биздин максат – жарандык эркиндикти камсыздоо. Адам укуктарынын бардык деңгээлдерде сакталышына шарт түзүү.

Биздин артыкчылыктар:

- Көз карандысыз ЖМК;
- Сөз эркиндиги, диний эркиндик;
- Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын укугун коргоо;
- Экономикалык эркиндик;
- Салык жүгүн төмөндөтүү;
- Бюджетке салыктан тыш түшүүлөрдү көбөйтүү.

Активдүү позициясы бар жарандык коомду колдоо, кичи жана орто бизнести өнүктүрүү, рынокко мамлекеттин кийлигишүүсүн төмөндөтүү.

ЭЛДИК БИЙЛИК

Биздин максат – эл бийлик үчүн эмес, бийлик - эл үчүн.

Биздин артыкчылыктар:

- Бийликтин ишинин натыйжалуулугун баалоо критерийлери;
- Өкмөттүн эл алдындагы отчёттуулугу;
- Мамлекеттик органдардын айкындуулугу;
- Коррупциянын себептерин жоюу;
- Өкмөттү оптималдаштыруу;
- Башкарууну санариптештирүү;
- Административдик-аймактык реформа;
- Жергиликтүү бирикмелердин активдүүлүгүн күчөтүү.

Кыргызстанда 6 млн эл үчүн 32 000 аткаминер.

13 млн калкы бар Нью-Йорк шаарынын мэриясында 52 кызматкер иштейт.

Чакан, натыйжалуу, заманбап талаптарга ылайык иш алып барган командасы бар, өлкөнү өнүктүрүүнүн так стратегиясына ээ Өкмөт – биздин идеяларды жана пландарды ишке ашыруунун ачкычы.

«Келечек 4.0» декларациясы – дүйнө менен бир катарда болуу үчүн убакыттан алдыда болуу.

ИЗМЕНИМ БУДУЩЕЕ!

ПРОГРАММА

ПОЛИТИЧЕСКОЙ ПАРТИИ «ЗАМАНДАШ»

Партия «Замандаш» заявляет о намерениях проводить и поддерживать политику, направленную на построение и закрепление подлинно независимого Кыргызстана – государства со свободным обществом и развитой инновационной экономикой, государства с экологическим агрокомплексом; государства, чья внешняя политика ориентирована на стратегическое партнерство и углубление интеграции в рамках ЕАЭС и ОДКБ.
Жеңиш Молдокматов – лидер и председатель политической партии «Замандаш», ведёт её, как серьезную политическую силу, на парламентские выборы 2020 года.

КЕЛЕЧЕК 4.0

Партия «Замандаш» намерена проводить политику, направленную на экономическую, продовольственную и политическую независимость Кыргызстана, развитие демократических ценностей и создания условий для развития инновационной экономики посредством реализации декларации «Келечек 4.0», в основе которой лежат идеи мировой промышленной революции 4.0.

Декларация состоит из следующих направлений:

1. Государство равных возможностей;
2. Инновационная страна;
3. Зеленая экономика;
4. Гуманная страна;
5. Достойное место в ЕАЭС;
6. Свобода;
7. Народовластие.

ГОСУДАРСТВО РАВНЫХ ВОЗМОЖНОСТЕЙ

Наша цель – материальное и духовное благополучие всех граждан страны.

Наши приоритеты:

- Финансовая поддержка образовательных и культурных программ;
- Поддержка социально незащищенных слоев населения (безработных, пенсионеров, инвалидов);
- Поддержка семьи, материнства, отцовства, детства;
- Охрана труда и здоровья людей;
- Устранение социального неравенства путём перераспределения доходов;
- Единство народов.

Государство равных возможностей — концепция политического строя, основанная на принципах равенства возможностей, справедливого распределения богатства и общественной ответственности за тех, кто не может обеспечить себе минимальные условия достойного уровня жизни.

Наша цель - увеличить ВВП страны с 7,5 млрд долл. США до 15 млрд долл. США за 5 лет.

ИННОВАЦИОННАЯ СТРАНА

Наша цель – создать условия для устойчивого экономического развития Кыргызстана, сделать инновации основой экономического роста.

Наши приоритеты:

- Развитие прикладной науки и венчурного бизнеса;
- Высокоскоростной интернет на всей территории КР. Развитие IT;
- Создание системы постоянного потока инноваций;
- Технологическое совершенствование;
- Производство высокотехнологичной продукции с высокой добавленной стоимостью;
- Создание прибыли интеллектом изобретателей и учёных;
- Защита интеллектуальной собственности;
- Создание парка IT-технологий.

Мы будем создавать условия, благоприятствующие возникновению изобретений, стимулировать внедрение инноваций, поощрять импорт новых технологий. Мы будем внедрять инновации начиная с систем образования, науки и заканчивая госуправлением.

ЗЕЛЕНАЯ ЭКОНОМИКА

Наша цель – сделать зеленую экономику обязательным и главным фактором развития Кыргызстана. А Кыргызстан, в свою очередь, сделать региональным центром производства экологически чистой продукции.

Наши приоритеты:

- Экологически чистое производство продуктов питания и потребительских товаров;
- Энергоэффективность и снижение потерь;
- Водосбережение;
- Развитие альтернативных, возобновляемых источников энергии;
- Развитие электротранспорта;
- Уменьшение и переработка отходов.

В Кыргызстане 900 000 га. пахотных земель, тогда как в Казахстане 34 млн га, в Китае 92 млн га., в России 116 млн га. Мы не можем конкурировать с соседними странами по количеству продукции, но мы можем и будем конкурировать с ними по качеству.

«Кыргызстан страна экологически чистой продукции» – это и будет нашим брендом на мировом рынке.

ГУМАННАЯ СТРАНА

Наша цель – снижение уровня преступности в стране, внедрение механизма профилактики и превентивных мер по недопущению правонарушений.

Наши приоритеты:

- Правовая система, в которой обвиняемый имеет шанс доказать свою невиновность;
- Независимая судебная система;
- Защита всех членов общества, от угнетения и несправедливости со стороны других членов общества;
- Пересмотр шкалы ценностей в обществе;
- Самореализация и равные возможности;
- Повышение занятости молодежи в регионах. Борьба с безработицей;
- Развитие спорта и досуга;
- Институты бизнес инкубаторов и образовательных центров для взрослых.

Системная работа по улучшению социального положения граждан, повышение образования и культуры, повсеместное внедрение систем видеонаблюдения, позволит значительно снизить преступность.

ДОСТОЙНОЕ МЕСТО В ЕАЭС

Наша цель - дальнейшая глубокая интеграция в ЕАЭС, повышение уровня благосостояния кыргызстанцев за счет максимального использования выгод от членства в этой организации.

- Выстраивание экспортных торгово-логистических цепочек на Евразийской экономическом пути;
- Целевая подготовка кадров и внедрение системы обязательного профессионального повышения квалификации в образовательных заведениях ЕАЭС;
- Внедрение электронной «системы поиска работы без границ» в рамках ЕАЭС;
- Организационное и юридическое сопровождение трудовых мигрантов и их адаптация в регионах ЕАЭС;
- Научно-технологическая интеграция за счет реализации совместных программ с партнерами ЕАЭС;
- Создание электронной сельскохозяйственной биржи, позволяющей сельскохозяйственным производителям напрямую находить рынки сбыта своей продукции в странах ЕАЭС;
- Включение логистических центров Кыргызстана в единую логистическую систему ЕАЭС;
- Создание механизмов продвижения Кыргызской сельскохозяйственной продукции в странах ЕАЭС;
- Защита кыргызских инвестиций в странах ЕАЭС и инвестиций стран ЕАЭС в Кыргызстане.

СВОБОДА

Наша цель – обеспечение гражданских свобод в стране. Безусловное соблюдение на всех уровнях прав и свобод человека.

Наши приоритеты:

- Независимость СМИ;
- Свобода мысли, вероисповедания, слова;
- Защита прав каждого гражданина Кыргызской Республики;
- Экономические свободы;
- Снижение налогового бремени;
- Увеличение неналоговых поступлений в бюджет.

Поддержка гражданского сообщества с активной жизненной позицией, развитие малого и среднего бизнеса, сведение к минимуму вмешательства государства в развитие рынка.

НАРОДОВЛАСТИЕ

Наша цель – власть для народа, а не народ для власти.

Наши приоритеты:

- Критерии оценки эффективности работы власти;
- Отчетность правительства перед гражданами;
- Прозрачность деятельности госорганов;
- Устранение причин коррупции;
- Оптимизация правительства;
- Цифровизация управления;
- Административно-территориальная реформа;
- Усиление активности местных сообществ.
- В Кыргызстане 32 000 чиновников на 6 млн населения.

В мэрии города Нью-Йорк, с населением 13 млн человек, работают 52 сотрудника.

Компактное, эффективное правительство, с командой отвечающей современным требованиям, имеющее четкое видение и стратегию развития страны, работающее на благо народа - это ключ к реализации наших идей и планов.

Декларация «Келечек 4.0» – опережать время, чтобы быть с миром на равных.

“ЗАМАНДАШЧЫЛАР” АТ-БАШЫДА ЧЕЧ-ДӨБӨГӨ ЗЫЯРАТ КЫЛЫШЫП, МУХТАР ӨМҮРАКУНОВГО КУРАН ОКУТУШТУ

Элдин сүймөнчүлүгүнө айланып, чоң колдоосуна татыган айтылуу “Замандаш” партиясы алгачкы үгүт ишин алыскы Нарын областынын Ат-Башы районунан баштады. Себеби, бул касиеттүү өрөөн кыргыздын мекенчил уулу, маркум Мухтар Өмүракуновдун туулган жери жана сөөгү жаткан жер эмеспи. Бейиши болгур Мухтар агабыз 13 жыл мурун “Замандаш” партиясын түптөп, 2011-жылы артында калган ага-туугандарына, санаалаштарына мурас катары калтырып кеткени маалым.

“Замандаштын” лидери Жеңиш Молдокматовдон тышкары Мелис Турганбаев, Улугбек Ормонов, Чынара Шейшекеева, Айсулуу Мамашова, Умбеталы Кыдыралиев, Бакыт Жумагулов баштаган талапкерлер жана партияны колдогон бир топ адамдар бул күнү кыргыздын тарыхында эң чоң орду бар, ыйык жер болгон Чеч-Дөбө мазарына барышып, ата-бабаларга куран окутушту. Чынында Чеч-Дөбөгө адамдын көзүнө көрүнө бербеген улуу касиеттин уюганы ырас. Ал касиетти билгендер жана сезгендер улуу ишке аттануунун башатын сөзсүз түрдө ошол ыйык жерге зыярат кылуу менен башташат. Көпчүлүккө маалым болгондой зыяраты кабыл болгондорго ал ыйык жерден аян берилип, сыр көрүнөт...

“Замандаштын” талапкерлери Чеч-Дөбөгө зыярат кылышкан соң, Мухтар Өмүракуновдун кабырына барышып, анын арбагына багыштап куран окутушту. Албетте, “Өлгөндөр барктал-майын, тирүүлөр даңкталбайт” демекчи, “Замандашчылар” Мухтар Сүйүналиевичтин арбагына ар дайым куран окушуп, эл үчүн жасап кеткен опол-тоодой эмгегине таазим кылып келишет.

Ат-Башы районунун чечилбеген көйгөйлөрүн чечүүгө чоң аракеттер көрүлө турганын ишенимдүү айтышты. Бул айтылуу өрөөндүн сыймыктуу уулу генерал Мелис Турганбаев менен маркум Мухтар Өмүракуновдун ишин улап келаткан анын жубайы Чынара Шейшекеева да шайлоочуларга партиянын асыл максаттарын жана калктын көйгөйлөрүн чечүү боюнча өз ойлорун айтышты. Ат-Башы эли 13 жылдан бери башка партияларга салыштырмалуу бараандуу иштерди жасап келаткан “Замандаш” партиясынын татыктуу талапкерлерин алкап, ак батасын беришти.

“ААЛАМГА КЕТКЕН ЖОЛ АЙЫЛДАН БАШТАЛАТ”

Айыл жергесинен ааламга аты чыккан улуу инсандар, мекен үчүн опол-тоодой эмгек кылышкан не бир таланттуу адамдар чыккан эмеспи. “Замандаш” партиясынын лидери Жеңиш Молдокматов баштаган партиянын татыктуу талапкерлери 4-сентябрь күнү алыскы Ак-Талаа районуна барышты. Кыргыз элинин колдоосуна татыган эң таза, жаратман партиянын лидери Жеңиш Өмүргазиевич дал ушул айтылуу Ак-Талаа районунун кулуну экенин жалпы эл жакшы билет. Демек, “Замандашчылар” бул алыскы райондон үгүт иштерин баштап жатканы бекеринен эмес. Ак-Талаанын эли өз уулу Жеңиш мырза баштаган талапкерлерди абдан жылуу кабыл алып, кучак жайып тосуп алышты. Бул райондун бир топ жаштары “Замандашчыларды” ат минип коштоп жүрүштү...

Жеңиш мырза 9 жашында айрылган атасынын кабырына барып, арбагына таазим кылып, куран окуду. Чынында Ак-Талаа эли үчүн “Замандаш” партиясынын үгүт иштери дал ушул райондон башталганы абдан кубанычтуу жана тарыхый окуя болуп калды десек жаңылышпайбыз. Борбор шаарыбыздан алыс жайгашкан бул райондон бир топ жылдан бери бир да адам Жогорку Кеңешке депутат болуп шайлана элек. Ушундан улам, ансыз да шарты катаал Ак-Талаа районунун көйгөйлөрү чечилбей көз жаздымда калып келет. Мына ошондуктан, ак-талаалыктар Жеңиш мырзадай камчыга сап уулун Жогорку Кеңештен көрүүнү көптөн бери эңсеп келишкен.

АРАВАНДЫКТАР КӨЗГӨ ЖАШ АЛЫШТЫ

Жеңиш Молдокматов баштаган «Замандаштын» талапкерлери ордолуу Ош шаарындагы сапарын айтылуу «Сулайман-Тоого» зыярат кылуу менен башташты. Андан соң, «Замандашчылар» Араван районунун калкы менен жолугушту. Жолугушуунун жүрүшүндө лидер Жеңиш Молдокматов партиянын басып өткөн жолун, бүгүнкү аткарып жаткан иштерин жана келечек максаттарын элге кенен айтып берди.

Талапкерлер жергиликтүү тургундардын бир топ көйгөйлүү маселелерин угушуп, аларды чечүү жолдорун бирге талкуулашты.

Жеңиш Молдокматов Россияга иштегени кеткен 17 жаштагы кызынын сөөгүн мекенине өткөрүп бере албаган мекендешибиз тууралуу айтып бергени Араван шаарынын тургундарынын муун-жүүнүн бошотуп, ыйлатты.

Бул жолугушууга келген 300дөн ашуун эл «Замандаш» партиясына жүрөктөн чыккан жылуу сөздөрү менен алкап, ак баталарын беришти.

«ЗАМАНДАШТЫН” ӨЗГӨНДӨГҮ ӨЗГӨЧӨ ЖОЛУГУШУУСУ...

Аравандан кийинки сапар тарыхы бай, айтылуу Өзгөн шаарында уланды. “Замандаштын” белдүү талапкерлеринин бири Улугбек Ормонов дал ушул Өзгөндүн уулу экенин эл жакшы билет. Улугбек мырза, партиянын төрагасы Жеңиш Молдокматовго сөз берип жатып, лидер 4 тилде эркин сүйлөй турганын баса белгилеп айтып өттү.

Жеңиш Молдокматов буларга токтолду:

- Акыркы учурда көп партиялар мигранттарга жардам беребиз деп мактанышат, бирок жалпы эл алардын чет жерде кыйналып жүргөн боордошторубузга кол сунганын көргөн эмеспиз деп баштап, сөзүнүн соңунда Өзгөн элине ден соолук тилеп, пандемиядагы кыйын кырдаалды терең кайгыруу менен эскерип: “Ар бир жамандыктын артынан жакшылык келет! Кудай буюрса, Кыргызстанга келе турган жаркын келечекке, татыктуу жашоого “Замандаш” партиясы да өзүнүн татыктуу салымын кошот”, – деп сөзүн жыйынтыктады.

Өзгөн эли “Замандашчыларды” бул шайлоодо колдой турганын билдиришип, ак батасын берип узатышты.

ОШ ШААРЫНДА “ЗАМАНДАШ” ПАРТИЯСЫНЫН ЛИДЕРИ МААНИЛҮҮ ЧАКЫРЫК ТАШТАДЫ

“Замандаш” партиясынын лидери Жеңиш Молдокматов, Улугбек Ормонов, Мелис Турганбаев, Искендер Гаипкулов, Чынара Шейшекеева, Нурлан Абдыхалыков баштаган талапкерлери 5-сентябрда Араван, Өзгөн шаарларынын шайлоочулары менен жолугушкандан кийин Кыргызстандын экинчи борбор шаары Ош шаарынын эли менен «Жаннат» мейманканасында жолугушуу өткөрүштү. Бул иш-чарага башка партиялардын, жарандык коомдун, бей өкмөт уюмдардын жана ар кандай ассоциациялардын өкүлдөрү чакырылган. Алгач «Замандаштын» талапкерлери партиянын программасынын негизги өзөгүн таанышпырып, шайлоочулар тарабынан берилген суроолорго лидер Молдокматов, генерал Турганбаев, талапкер Ормонов, ж.б. талапкерлер жеткиликтүү жооп беришти.

Партиянын лидери Жеңиш Молдокматов башка партияларга да ушундай жолугушууларды коомдук уюмдардын, башка партиялардын өкүлдөрүнүн катышуусунда ачык суроо-жооп иретинде байма-бай уюштурушсун деген чакырык таштады. Себеби, мындай иш-чаралар шайлоочуларга абдан пайдалуу экенин түшүндүрдү. Ошону менен ал шайлоочуларга кайрылып:

- Башка партиялардын мектеп, бала бакчаларды салып беребиз деген куру убадаларына ишенбеңиздер. Себеби, бул Өкмөттүн иши, саясий партиялар болсо мыкты саясий реформаларды жасашы керек, – деп баса белгилеп айтты.

"Замандаш" саясий партиясынын шайлоо фондунун эсебинен финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Г.Б.Абылова тарабынан төлөндү.

Эркин Too
Гезит ээси: Кыргыз Республикасынын Өкмөтү
Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596 ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
КЕРИМБАЕВ
Дыйканбек
Качкынбаевич

Кабылдама
62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары
ЧЕРБЕКОВ Алмаз – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары
ТЕМИРОВ Таалайбек – 62-38-78

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс

Жоопту катчы
ЖУНУСОВ Асан – 62-38-71

Жоопту катчынын орун басары
АЛТЫМЫШЕВ Атай – 62-38-71

Бөлүмдөр:
Саясат жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, илим, спорт жана туризм бөлүмү – 62-38-78
Сот-укук бөлүмү – 62-18-64

Веб-сайт – 62-38-74
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66
"Нормативдик актылар" журналы – 62-18-64
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.
R – рекламалык материалдар

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин Too" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040,
Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo777@mail.ru
erkintoonews@gmail.com

● Юстиция министрлигинен өткөн катталуу күбөлүгүнүн №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" АКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24
Буйрутма №1043. Нускасы 6500
Сатык келишим баада